КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН - ТЕНИРИ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

---

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

# Т О К Т О М

2025ж 3-октябрь № 66 Ново-Вознесеновка айылы

## Хан-Тенири айыл аймагында каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндө

Хан-Тенири айыл аймагында каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун кайрылуусун угуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы №67 "Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомун жетекчиликке алып, "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесинин 8 пунктуна ылайык, мыйзамдуулук, укук коргоо, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде талкуулап Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Хан-Тенири айыл аймагында каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускама бекитилсин.(тиркеме 1)
2. Айыл аймактагы Токтогул, Боз-Учук, Ичке-Жергез, Жыргалаң айылдарынын айылга жакын жана толгон көрүстөндөрүн жабуу жана аларга жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү, жаңы көрүстөндөрдү ачуу боюнча айылдардын калкы менен макулдашып, жерлерди аныктап иш алып баруу, каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманын негизинде иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомду аткарууга алуу Хан-Тенири айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, укук коргоо, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

Төрага Т.Узаков